| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**<br>**КАДАМЖАЙ РАЙОНУ**<br>**АЙДАРКЕН ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙДАРКЕНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |

**Айдаркен шаардык кеңешинин 5-чакырылышынын кезексиз 10-сессиясынын**
**№17 ТОКТОМУ**

***29-июль 2025-жыл*** ***Айдаркен шаары***

**Айдаркен шаарына муниципалдык базар ачуу үчүн райондук өнүктүрүү фондунан экономикалык долбоорго Финансы кредиттик фондунан насыя алууга макулдук берүү жөнүндө**

Айдаркен шаары үчүн муниципалдык базар ачуу долбоору жөнүндө "Коммунальщик-Айдаркен" ачык типтеги акционердик коомунун жетекчиси А. Ганиеванын жана Айдаркен шаардык мэриясынын маалыматын угуп, талкуулап чыгып, Айдаркен шаардык кеңеши кезексиз 10-сессиянын №10-протоколунун негизинде

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Айдаркен шаарына муниципалдык базар ачуу үчүн райондук өнүктүрүү фондунан экономикалык долбоорго 5 000 000 (беш миллион) сом өлчөмүндө Финансы кредиттик фондунан насыя алууга макулдук берилсин.

2. Райондук өнүктүрүү фондунан экономикалык долбоорго Финансы кредиттик фондунан насыя алуу үчүн "Коммунальщик-Айдаркен" ачык типтеги акционердик коомунун имараты мыйзам чегинде күрөө катары коюууга уруксат берилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы "Бюджет, экономика, каржы жана фискалдык саясат" маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана Айдаркен шаарынын мэри Б.Т. Бегалиевге жүктөлсүн.

4. Токтомду каттоодон өткөрүү жагы областык Юстиция башкармалыгынан суралсын.

**Төрага** **А.А. Алтымышова**